Каралды:
Пед.кеңешменин
№ 1 , 30.08.2022-ж

Бекитилди:
Директор ________
С.Э. Дюшенбаева
2022-жылдын 30-августундагы
№ 2 буйругунун негизинде

# Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин 2022-2027 жылдарга карата түзүлгөн өнүгүүнүн стратегиялык планы

**Чоң-Жар айылы**

**Рахманов атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешинин протоколу**

2022-жылдын 30-августу № 1

Төрайымы- мектептин директору Дюшенбаева С.Э.

Катчысы- Джаманкулова С.А.

Катышкандар: 17 мугалим

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1) 2021-2022 окуу жылынын окуу-тарбия иштерин анализдөө -жөнүндө мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Б. Намазбекованын баяндамасы
2) 2022-2023 окуу жылынын окуу жана иш пландары менен тааныштыруу жана бекитүү -жөнүндө мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директорунун орун басары А.Б. Намазбекованын баяндамасы
3) Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө салым кошуу
4) Билим берүүнүн негизги жоболору менен тааныштыруу
5) Мамлекеттик билим берүүнүн жаңы стандарты менен тааныштыруу- мектептин директору С.Э. Дюшенбаеванын баяндамасы
6) ИСУО жана PISA программалары боюнча маалымат менен тааныштыруу- мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордугн орун басары А.Б. Намазбекованын баяндамасы
7) Мектептин жаңы жоболору менен таанышуу жана бекитүү мектептин директору С.Э. Дюшенбаеванын баяндамасы
8) Мектептин өнүгүүсүнүн стратегиялык планы менен таанышып, бекитүү
9) Администрациянын жана мугалимдердин функционалдык милдеттери менен тааныштыруу жана бекитүү

**Угулду:**

1) **ОТИ боюнча директордун орун басары Намазбекова А.Б.**: 2021-2022 окуу жылынын ишин анализи менен тааныштырды. Өткөн окуу жылынын өзгөчөлүгүнө токтолуп, жетишкендиктерди жана кемчиликтерди белгилеп өттү. Ушул нерселерди эске алып, жетишпей, ишке ашпай калган иштер быйылкы жылдын планына киргизиле тургандыгын белгилеп өттү. Жаны окуу жылынын милдеттери айтылды.
2) **ОТИ боюнча директордун орун басары НамазбековаА.Б. :** 2022-2023 окуу жылынын базистик окуу планы жана мектептин жаңы окуу жылынын иш планы менен тааныштырып жана бекитүүгө сунуштады. Мектепте Базистик окуу планы сунуш кылган мектеп компоненти, окуу багытынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, окуучулардын кызыкчылыгына карата 5-класста математика, 8-класста кыргыз тили сабактарына киргизилди.
3) **ОТИ боюнча директордун орун басары НамазбековаА.Б:** “Кыргыз Республикасьшын Мамлекеттик тил” жөнүндө мыйзамынын аткаруу, мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө салым кошуу ар бир мугалимдин негизги милдеттеринин бири экендигине токтолуп, мектеп ичиндеги көрнөк жарнактар, иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө ар дайым маани берилип, көзөмөлгө алынып келе жатканын белгилеп өттү. Быйылкы окуу жылында окуучулардын мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттырып, сөз байлыгын өстүрүү, билим деңгээлин көтөрүү максатында иш-чаралар пландалганын айтып, тааныштырып өттү. Планда

каралгандай кыргыз тилинде ыр жазууга кызыккан, көркөм окууга шыктуу балдарды топтоп "Жаш калем" аттуу таланттуу балдардьш тобун түзүп, окуучулардын шык, дараметин өстүрүп. Эл алдына чыгып өнөрүн тартуулоого көнүктүрүү сыяктуу иштерди аткарууга класс жетекчилердин дагы жардамы керектигин эскертти. Мектепте иш-чараларды өткөрүүдө, уюштурууда, кайтарым байланышты ишке ашырууда предметтик мугалимдерге класс жектечилердин жардамы колдоосу зарыл экендигин баса белгиледи.

4) **Директор Дюшенбаева С.Э:** 2022-жылдын 22-июнунда №393 токтому менен кабыл алынган Мамлекеттик билим берүүнүн жаңы стандарты менен тааныштыруу менен "Жаңыланган мамлекеттик стандарт жана мектеп реформасы" деген темада баяндама жасады.
5) **ОТИ боюнча директордун орун басары Намазбекова А.Б.:** PISA жана ИСУО программалары менен кенен тааныштыруу. PISA ДЕГЕН ЭМНЕ? Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык программа (Programme for International Student Assessment). Ар бир жылы PISA изилдөөсүн жүргүзгөндө, сабаттуулуктун бир түрүнө: окурмандык, математикалык же табигый илимдер боюнча акцент жасалат. Ошондой эле акыркы жылдары кошумча социалдык багыттагы көндүмдөр, мисалы, маселе чечүү сыяктуу көндүмдөр, компьютердик сабаттуулук, ошондой эле чет тилин билүү билгичтиги да текшерилип жатат. 2025-жылы Кыргызстан PISA изилдөөсүнө катышканы турат. Бул иш-чараны утурлай Кыргыз билим берүү академиясында «PISA эл аралык изилдөөсүнө даярданабыз» аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмо орус жана кыргыз тилдеринде басылып чыккан. Ал мугалимдерди PISA изилдөөсүнүн концепциясы жана тесттердин мисалдары менен тааныштырат. Баарыныздар ошол методикалык колдонмо менен таанышып, быйылкы окуу жылында дагы ар бир сабагыбызда колдонолу. 15 жаштагы өспүрүмдөрдүн билим сапатын баалаган эки жолку эл аралык PISA иликтөөсүнүн жыйынтыгы баарыбызга маалым. Биринчи жолу катышканда (PISA-2006) Кыргызстан 57 өлкөнүн ичинен эң акыркы, экинчи жолкусунда (PISA-2009) да 65 мамлекеттин арасынан акыркы орунда калды.

- ИСУО (Информационная Система Управления Образования) б.а. кыргызча Билим берүүну башкаруунун маалыматтык системасы. "БББМС- билим берүүнүн сапатынын кепилдиги" деген темада кенен маалымат берди.

6) **Директор Дюшенбаева С.Э.:** Мектептин ченемдик укуктук документтерин кароо сунушун айтып. Бекитиле турчу жоболор менен тааныштырды.
7) **Директор Дюшенбаева С.Э:** 2022-жылдын 10-июндагы №6 педагогикалык кенештин чечими менен Мектептин өнүгүүсүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу тапшырмасы атайын түзүлгөн комиссияга жүктөлгөн. Бүгүн мектептин 2022-2027 ж.ж. өнүгүүнүн стратегиялык планы менен таанышып бекитүүгө сунуштайм.
8) **ОТИ боюнча директордун орун басары Намазбекова А.Б.:** Администрациянын жана мугалимдердин функционалдык милдеттери менен таанышып жана бекитүүгө сунуштайм.

**Сөз сүйлөгөндөр**:

**Кесиптик бирликтин төрайымы Эшимбекова А.К. :** Жогоруда биз , мектептин ченемдик укуктук документтер жана бекитиле турган жоболор менен ошондой эле мектептин 2022-2027 ж.ж. өнүгүүнүн стратегиялык планы менен таанышып чыктык. Бардык сунушталган документтерди бекитүүнү колдойм.

**Чечим кылат :**

1. 2021-2022 окуу жылынын окуу-тарбия иштерин анализи канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2022-2023 окуу жылынын иш планы бекитилсин.
3. Мектептеги иш-кагаздар, көрнөк-жарнактар мамлекеттик тилде жүргүзүлсүн. Окуучуларды мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттырыш, билим сапатын жогорулатууучу иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.
4. Ар бир мугалим 2022-жылдын 22-июнунда №393 токтому менен кабыл алынган Мамлекеттик билим берүүнүн жаңы стандарты жана предметтик стандарттарды кененирээк таанышып чыгып, өз ишинде пайдаланышсын.
5. Кыргыз билим берүү академиясында «PISA эл аралык изилдөөсүнө даярданабыз» аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмо менен бардык мугалимдер өз алдынча таанышып, быйылкы окуу жылында ар бир сабагында пайдаланышсын.
6. 2022-2023 -окуу жылында мектепте 1- Сменде 8.00-13.00, 2 -Сменде 13.15-18.00 чейин окутулсун.
7. Мектептин 2022-2027 ж.ж.стратегиялык өнүктүрүү планы, ата- энелер комитети жөнүндөгү жобосу, административдик дежурство жөнүндө жобосу, дежур мугалимдердин кызматтык жетекчилик көрсөтмөсү, баланын укуктарын камсыз кылуунун негизги багыттары жөнүндө жобо, турмуш шарты оор үй- бүлөлөрдү каттоого алуу жөнүндө жобосу, документтерди сактоо (архивдик) эрежелери, “Ишеним”почтасынын жобосу, арыз даттанууларды кабыл алуу жана карап чыгуу жобосу, эмгек талаштары боюнча комиссиянын жобосу, административдик контролдук иштерди жүргүзүү жөнүндө жобосу, билим тууралуу документтерди толтуруу, сактоо, тапшыруу тартиби жөнүндө жобосу, билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобосу, мамлекетттик тил боюнча директордун орун басарынын жобосу, усулдук кеңештин жалпы жобосу, мектептин кароолчуларынын жобосу, педагогикалык кеңешинин жобосу, техникалык кызматкерлердин жобосу, жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды кылмыштуулукту алдын алуу кеңешмеси жөнүндө жобосу, эксперттик комиссиясы жөнүндө жобосу, чарбалык иштерди уюштуруу жөнүндөгү жобосу, коррупцияга каршы күрөшүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобосу, аралыктан окуу процессии уюштуруу жөнүндө жобосу, ачык сабак жөнүндө жобосу, соц.педагогдун жобосу бекитилсин.
8. Администрациянын жана мугалимдердин функционалдык милдеттери бекитилсин.

**Төрайымы, мектеп директору : Дюшенбаева С.Э**
**Катчысы: Джаманкулова С.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
НУРЛАН РАХМАНОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

724829, Чоң-Жар айылы
ОКПО 25780996
ИНН 00503200910233
Эл.почта : n.rahmanov2022@gmail.com

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ НУРЛАНА РАХМАНОВА

724829,село Чон-Джар
ОКПО 25780996
ИНН 00503200910233

---

Буйрук (көчүрмө)

2022-жылдын 10 июну № 32

**Мектептин өнүктүрүү планын түзүү жөнүндө.**

Келечектеги жаш өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө карата жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн мектептин өнүгүүсү боюнча биргелешкен аракеттери тууралуу жана бирдиктүү позициядагы көз караштарды ишке ашыруу максатында

БУЙРУК КЫЛАМ:

1. Мектептин өнүгүүсүнүн перспективасын так жана бирдиктүү ишке ашыруу үчүн төмөндөгү курамда комиссия түзүлсүн:

- Эшимбекова Алмабубу Кыргызбаевна –мектептин кесиптик бирликтин төрайымы
- Дюшенбаева Светлана Эриковна –башталгыч класстардын мугалими , ТИ уюштуруучусу
- Джаманкулова Самара Абдыкалыковна-мектептин кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалими
- Шукурбаева Асель Нармухамедовна – мектептин тарых мугалими
- Джумалиев Бактияр Азаматович- Кунтуу айыл өкмөтүнүн башчысы
- Турсунова Зарина- ата-энелер комитети

2. Түзүлгөн комиссия 5 жылдык мектептин өнүктүрүү планын иштеп чыгышсын.
3. Мектептинөнүктүрүү планы иштелип чыгып август педсоветинде каралып бекитилсин.
4. Буйрукту аткарууну көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Мектеп директору: Мамырканова Г.К.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**НУРЛАН РАХМАНОВ**
**АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ**
**НУРЛАНА РАХМАНОВА**

724829, Чоң-Жар айылы
n.rahmanov2022@gmail.com
https://n-rahmanov.mektebim.kg/
ОКПО 25780996
ИНН 00503200910233

724829,село Чон-Джар
n.rahmanov2022@gmail.com
https://n-rahmanov.mektebim.kg/
ОКПО 25780996
ИНН 00503200910233

---

Буйрук (көчүрмө)

2022-жылдын 1-сентябры №1/1

**Мектептин өнүктүрүү программаны бекитүү жөнүндө**
Келечектеги жаш өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө карата жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн мектептин өнүгүүсү боюнча биргелешкен иш аракеттери тууралуу жана бирдиктүү позициядагы көз караштарды ишке ашыруу максатында

**буйрук кылам:**

1. Мектептин өнүктүрүү иш планы 2022-жылдын 30-августунда өткөрүлгөн педагогикалык кеңешмесинде талкууланып, № 1 токтому менен кабыл алынды.
2. Программаны ишке ашыруу мөөнөтү 2022-2027-жж бекитилсин.
3. Программаны мектептин администрациясы, мугалимдер, кызматкерлер, окуучулар, ата-энелер же мыйзамдуу өкүлдөрү аткарышат.
4. Программаны мектептин башкаруу кеңеши- педагогикалык кеңеш, администрация башкарат.
5. Программанын ишке ашырылышын Сокулук районунун билим берүү борборунун башкы адистери, окуу жайдын башкаруу структурасы: мектеп директору, директордун окуу-тарбия иши боюнча орун басары, тарбия иштери боюнча орун басары, кесиптик бирликтин төрайымы көзөмөлдөйт.
6. Буйрукту аткарууну көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Мектеп директору:** **Дюшенбаева С.Э.**

**Мазмуну :**


| № | АТАЛЫШЫ | БЕТТЕРИ |
|---|---|---|
| 1 | Киришүү | 3 |
| 2 | 1-БӨЛҮМ. Программанын паспорту | 4 |
| 3 | Мектептин көйгөйлөрүн жана анын себептерин талдоо | 5-6 |
| 4 | Н.Рахманов атындагы орто мектебинин SWOT-анализи | 7-8 |
| 5 | Н.Рахманов атындагы орто мектебинин миссиясы | 9 |
| 6 | Билим берүү ишмердүүлүгүнун принциптери | 10-13 |
| 7 | Орто мектепти аяктаган модель | 14 |
| 8 | Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин модели | 15 |
| 9 | 2-БӨЛҮМ.<br>Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2022- 2027-окуу жылына стратегиялык өнүгүү планы | 16-17 |
| 10 | Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана финансылоо | 18 |
| 11 | Билим берүүдөн күтүлгөн натыйжалар | 19 |
| 12 | | |
| | | |

**КИРИШҮҮ**

Бул өнүктүрүү программасы (мындан ары - Программа) **Н.Рахманов атындагы орто мектебинин** муниципалдык жалпы билим берүү мекемесин узак мөөнөткө

2022-2027-ж. ж. өнүктүрүү стратегиясын аныктайт.

Өнүгүү программасы билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясын, билим берүү процессинин максаттарын жана милдеттерин аныктаган, мындан аркы өнүгүүнүн келечектүү жолдорун, бул жолдо келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдү жана аларды жоюуну болжолдоочу, стратегиялык пландоону башкаруу документи болуп саналат. Билим берүү мекемеси катары мектептин өзгөчөлүктөрү.

Билим берүү саясатынын программалык артыкчылыктары:

- билим берүүнү гумандаштыруу принциптери;
- мамлекеттик жана коомдук уюмдардын, илимий, маданий, билим берүү мекемелеринин жогорку билимдүү, жогорку уюшкан жана дени сак өсүп келе жаткан муунга болгон муктаждыктарын;
- калктын ар турдуу социалдык топторунун үмүттөрүн орундатуу
- окуучулардын жетишкендиктеринин өсүшүнө дем берүүчү шарттарды түзүү.

Өнүктүрүү программасында төмөнкүлөрдү чечүүнүн зарылчылыгы эске алынат:

- билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, окутуунун жана тамактандыруунун жаңы ыкмаларын киргизүү, билим берүүнүн мазмунун жаңылоо;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарын киргизүү
- педагогикалык кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу:
- мамлекеттик жана коомдук башкаруунун принциптеринде мектепте башкаруу процесстерин куруу.

Өнүгүү программасын иштеп чыгуу мектептин болгон шарттарын жана ресурстарын талдоону алуу менен ишке ашырылган. Бул программаны даярдоодо мектеп тарабынан ишке ашырылып жаткан билим берүү программасынын негизги жоболору да эске алынган. Өнүгүү программасынын пландаштырылган долбоорлорун ишке ашыруу окуучулардын ден соолугун сактоонун жана алардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн шартсыз зарылдыгын түшүнүүнү эске алуу менен ишке ашырылат. Бул мезгил билим берүүнүн бардык баскычтарында окуучуларга билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине жетишүү үчүн аныкталат.

## 1-БӨЛҮМ. Программанын паспорту

**Чүй облусунун Сокулук районунун Чоң-Жар айылындагы Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин 2022-2027 жылдарга карата түзүлгөн өнүктүрүү планы**

**Мектептин аталышы:** Н.Рахманов атындагы орто мектеби

**Мектептин дареги:** Чүй облусу, Сокулук району, Чоң Жар айылы

**Мектептин формасы – муниципиалдык**

**Мектептин статусу – жалпы билим берүүчү орто мектеп**

**ЖКК (ИНН) - 00503200910233**

**Мектептин директору:** Дюшенбаева Светлана Эриковна

**Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:**

Намазбекова Айгуль Бейшебаевна

**Класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу:**

Шүкүрбаева Асель Нармухамедовна

**Мектептин социалдык педагогу**: Джаманкулова Самара Абдыкалыковна

**Мектептин жалпы территориялык аянты -**4129,9 кв.м.

**Имараттын жалпы аянты–** 486,4 кв.м.

**Кабинеттердин саны-**12

**Чакан китепканасы бар.**

**Окуу китептеринин фонду-**3348 даана, адабий китептери – 728 даана; методикалык китептер -329. Окуу китептер менен камсыз болушу 94%

**Спортзалы, жыйын залдары жок.** Футбол ойноочу жана спорт аянтчасы бар.

Мектеп 2 сменде иштейт. Иштөө мөөнөтү саат 7.30дон 18.30го чейин.

**Мектеп 1999-2000 жылдары курулган.**

Мектептин карамагына Чоң-Жар жана Кичи Шалта айылдары жана айылдын тегерегинде жайгашкан дачалар кирет. Имарат типтүү эмес болуп курулган.

Мектеп имаратынын сыйымдуулугу: 180 окуучу

Мугалимдердин саны – 18; Жогорку -15, бүтпөгөн жогорку -2, атайын орто – 1;

Окуучулардын саны – 233 окуучу;

Класс-комплект – 11

Билим сапаты – 43 %;

Жылуулук-электрдик; Жылуулук Күнтуу айыл өкмөтү тарабынан каржыланат. Бир сезонго 4200 кВт сарпталат.


**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин SWOT-анализи**

Анализдин максаты:

1. Мектепте окуу-тарбия процессин уюштурууда окуучулардын билим сапаты, жетишүүсүн жогорку деңгээлде уюштуруусун анализдөө;
2. Мектеп окуучуларынын жана кызматкерлеринин коопсуздугун камсыздоо, материалдык базасын чыңдоо боюнча жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы аныктоо;
3. Мектепте жүргүзүлгөн иштер боюнча анализ түзүп, күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо.

Мектепте окуу жана тарбия процессин уюштурууда окуучулар үчүн талапка ылайык шарттарды түзүп берүү, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу, имараттын ичи-сыртын, ашкананы, короодо жайгашкан дааратkананы ондоп-түзөө иштери, мектептин чатырын ондоо, китепкана фондун жакшыртуу, ата-энелер менен иштөөнү жөнгө салуу, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, айлананы жашылдандыруу, суу киргизүү, арыктарды тазалоо, кууураган бутактарды кесүү сыяктуу көйгөйлөр анализдин негизин түздү.

Мектеп структурасы




Окуу процессине жаңы инновациялык технологияларды колдонуу боюнча мугалимдер көптөгөн райондук семинарларга катышып, өз билимдерин өркүдөтүүдө. Түзүлгөн график боюнча билимдерин жогорулатуу курстарынан өтүшөт. Мугалимдердин сандык-сапаттык курамы окуу жылдын башында, ортосунда, жылдын аягында маалымдалып, мониторинг түзүлүп турат. Окуу процессинин жүрүшү боюнча белгиленген жобонун негизинде мониторингдер түзүлүп, анализденет.

Мугалимдердин сандык-сапаттык өзгөрүүсү боюнча салыштырмалуу таблица

| | 2019-2020 | 2020-2021 о.ж. | 2021-2022 о.ж. | 2022-2023 о.ж. |
|---|---|---|---|---|
| Жалпы мугалимдер | 15 | 16 | 17 | 18 |
| Эркек мугалимдер | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Билими жогорку | 13 | 14 | 15 | 15 |
| Билими атайын орто | 2 | 2 | 2 | 3 |

Окуучулар үчүн төмөнкүдөй ийримдер иш алып барат: “Көркөм өнөр” жана “Шахмат ийримдери анда ар биринде 20 дан окуучу катышат.

Акыркы жылдар ичинде мектепте көптөгөн ийгиликтүү иш-чаралар өткөрүлдү. Мектепте “Энелер мектеби” ишке кирип жатат. Мектептин китепкана фондун толуктоо үчүн 2 жылдан бери апрель айында “Китеп күнүнө” карата “Бир адамдан бир китеп” акциясы уюштурулуп жатат.

Мектепте ден соолук сактоочу технологиялар активдүү түрдө киргизилип жатат. Медицина кызматкерлери менен бирге ата-энелер жана окуучулар арасында профилактикалык иштер жүргүзүлүп жатат. Окуучулар аракечтикке жана тамеки чегүүгө каршы, сергек жашоого умтулуу сыяктуу акцияларга активдүү катышып турушат. Мындай иш-чаралардын натыйжасында жаракат алуулардын азайышы, окуучулардын ооруга чалдыгуу деңгээлинин төмөндөшү байкалууда. Мындан сырткары бала укуктарын коргоо боюнча иштер: окуучуларга керектүү юридикалык, консультативдик, социалдык-педагогикалык жана психологиялык темаларга арналган маалыматтар жардам катары көрсөтүлөт. Кылмыштуулукту алдын алууга арналган иш-чаралар, профилактикалык кеңештин жыйындары ай сайын өткөрүлүп турат. Бул өткөрүлгөн иштердин натыйжасында ата-энелер өздөрүнүн жоопкерчилигин сезип, мектеп менен активдүү байланышта болуп, окуучулар арасында тартип бузуулардын саны азайды деп эсептесе болот.

Мектептин дагы бир өзгөчөлүгү- кадрлардын туруктуулугу, жаш мугалимдердин ишке тартылуусу, жамаат аралыгындагы ынтымактуулук, биргелешип иштөө болуп саналат. Мектептин башкаруу системасын педагогикалык кеңеш, администрация, усулдук бирикме, кесиптик бирикме, социалдык педагог, ИДН, мугалимдер жамааты түзөт. Анализдөө мезгилинде мектептин имаратынын абалына, класс кабинеттерге да көңүл бурулду. Мектептин чатырынын сапаты канааттандырарлык эмес. 1 –корпустун имаратынын ичинде дааратканa жок, канализацияга кошулган эмес. Жарыктандыруу системасын да жаңыртуу зарылдыгы бар экени белгилүү болду.

Мектептин коомчулук менен байланышы




2021-2022-окуу жылы боюнча түзүлгөн анализдин матрицасы

SWOT-АНАЛИЗДИН НЕГИЗИНДЕ

| S-күчтүү жагы | W-алсыздык |
|---|---|
| 1.Жетекчи масштабдуу өзгөрүүлөрдү киргизе алат.<br>2.Коллективдин туруктуулугу, биримдиги<br>3. Окуу-тарбия процессин уюштуруу механизмдери иштелип чыккан<br>4. Мектептин ишин пландаштыруусу жакшы жолго коюлган<br>5. Администрациянын командада иштөө жөндөмдүүлүгү<br>6. Усулдук бирикмелердин уюшулушу, иш алып баруусу.<br>7. Пед.кеңешменин өткөрүлүшү<br>8.Баалоо критерийлерин иштеп чыгышы<br>9. Жаш адистерди ишке тартуусу<br>10. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуусу<br>11. Ата-энелер менен иш алып баруусу | 1. Материалдык-техникалык базанын начардыгы<br>2. Каржылык колдоонун аздыгы<br>3. Психологдун ставкасынын жоктугу<br>4. Интерактивдүү технологиялардын жетишсиздиги<br>5. Мектептин китепканасынын фондунун аздыгы, окуу китептеринин, көркөм адабияттын жетишсиздиги<br>6. Мугалимдердин арасынан автордук басылмалардын жоктугу<br>7.Интернеттин жетишсиздиги<br>8. Видеокөзөмөлдөө камераларынын санынын аздыгы<br>9.Ата-энелердин балдарынын интернетте отурганына кош көңүл карашы<br>10.Имараттын кичинекейлиги |

| О-мүмкүнчүлүк | Т-коркунучтар |
|---|---|
| 1.Алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу<br>2.Кесипкөйлүктү жогорулатуу<br>3.Тематикалык иш чараларды уюштурууда жаңы ыкмаларды, технологияларды киргизүү, жайылтуу<br>4.Проблемалуу семинарларды, тренингдерди уюштуруу<br>5.Окуучуларга кесиптик багыт берүү<br>6.Мугалимдер, ата-энелер жана жергиликтүү бийлик менен кызматташуу<br>7.Жетишкендиктерге стимул берүү<br>8.Маалыматтык ачык аянтты түзүү<br>9. Демөөрчүлөрдү тартуу<br>10. Мүмкүнчулүгү чектелген адамдар үчүн пандус орнотуу | 1.Экстремисттик баракчалар, маалыматтар<br>2.Жугуштуу оорулар<br>3.Даараткананын сыртта жайгашуусу<br>4.Интернет булактарындагы окуучуларга тиешеси жок маалыматтардын көзөмөлгө алынбаганы<br>5. Окуучулардын интернет оюндарына көз каранды болушу<br>6. Даваттка багыттаган адамдардын көбөйүшү<br>7. Синтетикалык уулуу заттардын түрүнүн көбөйүшү |

Анализдин негизинде мектепти өнүктүрүү программасы түзүлүп, ишке ашырылышы керек. Өнүгүү программасынын концепциясын иштеп чыгуу зарылдыгы билим берүү системасында жаңы мамилени аныктоочу милдеттерди мугалимдер жамаатынын түшүнүүсүнүн натыйжасында аткарууга багытталат. Окуу-тарбия процессин уюштурууга болгон көз карашты өзгөртүү, сабакта окуучуну окууга, өз билимин жеке турмушунда колдоно билүүгө багытталган иш-аракеттерди жүргүзүү. Ар бир окуучунун жөндөмдүүлүгүн, мүмкүнчүлүктөрүн, ийкемдүүлүгүн эске алуу менен өнүгүүсүнө шарт түзүүгө жардам бере турган окуучуларга багытталган технологияларды колдонуу зарылчылыгы келип чыгат. Анализдөө учурунда көйгөйлөр жооптон сырткары көп суроолорду жаратты. Мына ошол себептен ар тараптуу ойлонулган концепцияны иштеп чыгуу зарылдыгы пайда болуп, анын негизин мектептин өнүктүрүү программасын түзүү талабы келип чыкты.

**Н.Рахманов атындагы орто мектептин миссиясы:** Мектеп өз региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт. Инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

**Өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу этаптары:**

2022-жыл –даярдоо: мектептин өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу;
2022-2027 жж. – өнүктүрүү программасын ишке ашыруу;

2026-2027-жж. Жыйынтыктоо анализин жүргүзүү, жаңы сунуштарды киргизүү;

**Мектептин педагогикалык темасы: “Окуучуларды инсанга багыттап окутуп тарбиялоо”**

Мектептин өнүктүрүү иш планы 2022-жылдын 30-августунда өткөрүлгөн педагогикалык кеңешмесинде талкууланып, № 1 токтомунда бир добуштан кабыл алынды.

**2022-2027-окуу жылына коюлган максаттар:**

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн педагогдордун кесиптик компетенциясын жогорулатуу;
2. Коомчулукта ийгиликтүү социалдашууга, жашоого ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон окуучуларды тарбиялоо, кесипке багыттоо;
3. Мектеп окуучуларынын коопсуздугун камсыздоо механизмдерин түзүү, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;
4. Ийримдерди тузүү, спорт оюндарын жандандыруу. Райондук, областтык деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катыштыруу;
5. Мектептин айланасын, окуу кабинеттерди жашылдандыруу;
6. Мектептин китепканасын жетишпеген китептер менен камсыздоо;
7. Ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
8. Жетишүүсу мыкты балдарды райондук олимпиадаларга даярдоо, катыштыруу; Олимпиадага даярдоого тажрыйбалуу мугалимдерди жооптуу кылып дайындоо.
9. Билим берүүнүн кыйла жогорку деңгээлине жетүү максатында , билим берүүнүн түзүмүн жана мазмунун жаңылоо менен инновациялык билим берүү жана тарбиялоо системасын үзгүлтүксүз өнүктүрүүнү камсыз кылуу;
10. Инсандын, мамлекеттин керектөөлөрүнө жооп берген жана жаңы муундардын ачык маалыматтык коомго киришин, салттарды сактоону жана мектептин өнүгүшүн камсыз кылган билим берүү программаларынын фундаменталдуулугун сактоо жана практикалык багытын өнүктүрүү

**2022-2027-жылы үчүн коюлган милдеттер:**

1. Окуу-тарбия процессин жакшыртууда окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
2. Алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш-тажрыйбасы астында мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү. Профессионалдуулугун арттыруу максатында жаш адистерге усулдук жардам берүү иш-тажрыйбаларын жайылтуу.
3. Окуучуларды нравалык маданиятка, атуулдукка, жоопкерчиликтүүлүккө улуттук каада-салтты пайдалануу менен тарбия берүүгө жетишүү. Тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууну ар тараптан өнүктүрүү.

4. Окуучулардын китеп окуусуна багытталган иш-чараларды уюштуруу.
5. Мектептин материалдык базасын чыңдоо, китепкананын ишин жакшыртуу.
6. Окуучулардын билим сапатын аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын жакшыртуу.
7. Окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп-үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштыруу.
8. Билим берүүдө сабактын технологиясын туура тандоо;
9. Билим берүүнүн усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо, сабактын жаңы структурасын изилдөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын колдонуу;
10. Окуучуну тарбиялоодо гумандуу мамиленин негизинде адамгерчиликке, боорукерликке, эмгекчилдикке, маданияттуулукка тарбиялоо;
11. Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптандыруу, инсанда чыгармачыл башталышты ачуу, багыттоо;
12. Билимдүүлүгү, инсандык касиеттүүлүгү жетилген, билимин өз турмушунда колдоно алган, коомго пайдалуу чыгармачыл адамды тарбиялоо.

**Мектепте төрт усулдук бирикме иш алып барат**.

**Гуманитардык илимдер багытындагы усулдук бирикме** Г. Б. Карыпбаеванын жетекчилиги астында иш алып барып, өзүнө кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили, тарых предметтерин камтыйт. Курамында алты мугалим иш алып барат. Бирикмеде төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Жаңы педагогикалык технологиялардын усулдарын сабактарында эффективдүү колдонуу;
2. Инсанга багыттап окутуу технологияларын үйрөтүү;
3. Алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча иштерди уюштуруу;
4. Усулдук бирикменин класс-кабинеттерин жабдуу;
5. Кабинетти таблицалар, карточкалар, дидактикалык материалдар менен толуктоо;
6. Окуучулардын оозеки жана жазуу иштери боюнча баа коюунун жаңы нормаларын окуп-үйрөнүү;
7. Окуучулардын орфографиялык жактан сабаттуулугуна жетишүү;
8. Балдардын интеллектуалдык жөндөмдөрүн өстүрүү багытында өнүктүрүүчү тапшырмаларды берүү;
9. Текстти окууда негизги мазмунун түшүнүүгө жана суроо кое билүүгө машыктыруу;

**II.Табигый илимдер жана математикалык, көркөм-этетикалык жана дене тарбия багыттагы усулдук бирикме** (жетекчиси Ашыбаева Ч.Б.). Бирикмеге төмөнкү сабактар камтылган: математика, алгебра, геометрия, физика, информатика, химия, биология, география, дене тарбия, технология. Бирикмеде алты мугалим эмгектенет. Бирикменин окуу жылына койгон милдеттери:

- Окутуу процессин илимий негизде уюштуруу;
- Инсанга багыттап окутуунун технологияларын үйрөтүү;
- Окутууда инновациялык усулдар жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү;
- Педагогикалык тажрыйбаларды иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу;
- Окуучулардын оозеки жана жазуу иштери боюнча баа коюунун жаңы нормаларын окуп үйрөнүү;
- Кабинетти таблицалар, карточкалар ж.б. дидактикалык материалдар менен толуктоо;

❖ Балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү багытында өнүктүрүүчү тапшырмаларды берүү;
❖ Текст менен иштөөгө үйрөтүү;
❖ Жазуу иштеринин санын көбөйтүү, каталар менен иштөөгө үйрөтүү.
❖ Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча иштерди улантуу;
❖ Окуучуларды спорттук мелдештерге, музыкалык конкурстарга даярдоо;
❖ Мугалимдердин өз алдынча иштөөсүн жүргүзүү жана көзөмөлгө алуу.

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси** (Сагыналиева Н.А.)
Бирикменин милдеттери:

1. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча иштерди уюштуруу;
2. Карточкалар, дидактикалык материалдарды толуктоо;
3. Усулдук бирикменин класс кабинеттерин жабдуу;
4. Жаңы педагогикалык технологиялардын эффективдүү усулдарын колдонуу;
5. Балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү;
6. Жазуу жана оозеки иштери боюнча баа коюунун нормалары.

**Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси** (жетекчиси Шукурбаева А.Н.) Усулдук бирикменин милдеттери:

1. Тарбиялоодогу класс жетекчилердин даярдыгынын деңгээлик көтөрүү;
2. Тарбия берүүдө жана технологиялардын азыркы учурдагы концепциясын өздөштүрүү;
3. Класс жетекчилердин тарбия берүү иштериндеги усулдары жөнүндөгү билимдерин өркүндөтүү;
4. Окуучуларды тарбиялоодо алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу;
5. Коллективди жана инсанды тарбиялоодо практикадагы эн негизги принципиалдуу маселелердин чечилишинин жалпы талаптарын жана көрүлүүчү чараларды иштеп чыгуу;
6. Инсанды өнүктүрүүгө, адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарындагы коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелердин жана ченемдеринин, социалдык-маданий, руханий-адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде окуучуга өзүн-өзү аныктоого жана социалдашууга шарттарды түзүүгө багытталган иштерди жүргүзүү;

**Мугалимдердин билимин жогорулатуу курсунан өтүү боюнча графиги**

| **№** | **Мугалимдин аты-жөнү** | **Кызматы** | **Диплому боюнча адистиги** | **Берген сабагы** | **Педстажы** | **Билимин жогорулатуу курсунан качан,кайдан өткөн** | **Качан өтүш керек** | **Пенсия курагындагылар** | **Пенсияга жетип калгандар** | **5 жылга чейинки жаш адистер** | **Д/өргүүдө** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ашыбаева Чолпон Бекмуратовна | | Физика мугалими | Физика география | 23 | 2017 РИПК И ППР | 2022 - 2023 | - | + | - | - |
| 2 | Джаманкулова Самара Абдыкалыковна | Соцпед | Соцпед Кыргыз тили адабияты мугалими | Кыргыз тили | 20 | 2020 РИПК И ППР | 2025 | _ | _ | _ | _ |
| 3 | Джусупбеков Бакыт Алмединович | | Дене тарбия | Дене тарбия Аскер. чейин даяр | 12ж | 2020 | 2025 | _ | _ | _ | _ |
| 4 | Дюшенбаева Светлана Эриковна | Директор | Директор Башталгыч класстын мугалими | Башт кл | 32 | 2020 РИПК И ППР | 2025 | _ | _ | _ | _ |
| 5 | Жонгучкаева Жылдыз Муратовна | | Педагогика багытында | Башт кл | 6 | 2018 РИПК И ППР | 2023 | _ | _ | _ | _ |
| 6 | Карыпбаева Гульзада Бейшенбековна | | Филология багытында | Англис тили | 21 | 2020 РИПК И ППР | 2025 | _ | _ | _ | _ |
| 7 | Көчөрбаева Гульзия Ашимбековна | Китепканачы | Кыргыз тили, адабияты мугалими | Адеп, музыка, сүрөт | 22 | 2018 РИПК И ППР | 2022 | - | - | _ | _ |
| 8 | Мамырканова Гүлнура Кеңешбековна | | Орус тили, адабияты мугалими | Орус тили | 32 | 2010 РИПК И ППР | 2022 - 2023 | - | + | - | - |
| 9 | Макелова Касиет Кубанычбековна | | Башт кл мугалими | Даярдоо классы | - | - | 2025 | - | - | + | |
| 10 | Намазбекова Айгуль Бейшебаевна | Окуу бөлүм башчысы | Окуу бөлүм.башч Математик, математик окутуучу | Математика, информатика | 30 | 2013 РИПК И ППР | 2022 - 2023 | _ | + | _ | _ |
| 11 | Насымбекова Айгерим | | Биолог | Биология химия | 7 | 2018 РИПК И | 2023 | _ | _ | _ | _ |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нурбековна | | | | | ППР | | | | |
| 12 | Осконова Зарылбүбү Осконовна | | Орус тили, адабияты мугалими | Орус тили | 29ж ыл 7 ай | 2020 РИПК И ППР | 2025 | _ | __ | __ | _ |
| 13 | Өмүралиева Айгүл Барыктабасовна | | Башт кл мугалими | Башт кл | 7ж 3ай | 2018 РИПК И ППР | 2024 | _ | __ | _ | _ |
| 14 | Сагыналиева Назгүл Ашымбековна | | Башт кл мугалими | Башт кл | 21ж 8ай | 2016 РИПК и ППР | 2022 - 2023 | _ | __ | __ | _ |
| 15 | Шакулов Кубан Джакыпбекович | | Математик, математик окутуучу | Математи ка, информат ика, технологи я | 20ж ыл | 2020 РИПК и ППР | 2025 | _ | _ | __ | _ |
| 16 | Шүкүрбаева Асел Нармухамедовна | Тарбия иштер | Тарых жана укук мугалими | Тарых адам ж. коом | 11ж 7ай | - | 2022 - 2023 | _ | __ | __ | _ |
| 17 | Эдилова Бермет Эдиловна | | Башт кл окутуу | Башт кл | 5ж 8ай | 2020 | 2025 | _ | __ | | + |
| 18 | Эшимбекова Алмабүбү Кыргызбаевна | | Кыргыз тили жана адабияты мугалими | Кыргыз тили | 34 ж | 2022 | 2027 | _ | + | __ | _ |

**2- бөлүм**

| **Программанын аталышы** | **Н. Рахманов атындагы орто мектебинин өнүгүү программалары** |
|---|---|
| **Программаны иштеп чыгуу үчүн негиз.**<br>**Нормативдик база** | Кыргыз Республикасынын Конституциясы<br>Кыргыз Республикасынын “ Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы”<br>Окуу планы<br>Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция<br>Министрликтин “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзамы<br>Мектептин Уставы<br>Кечки мектеп боюнча жобо |
| **Мектептин миссиясы:** | **Мектеп өз региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт. Инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.** |

| | |
|---|---|
| **Өнүктүрүү программасын иштеп чыгуучу** | Н. Рахманов атындагы орто мектебинин директору Дюшенбаева С.Э., мектептин администрациясы, ата-энелер комитети. |
| **Программаны аткаруучулар** | Мектептин администрациясы, мугалимдер, кызматкерлер, окуучулар, ата-энелер же мыйзамдуу өкүлдөрү |
| **Программаны башкаруу администрациясы** | Программанын аткарылышын мектептин башкаруу кеңеши-педагогикалык кеңеш, администрация башкарат. |
| **Программанын ишке ашырылышын көзөмөлдөө** | Сокулук районунун билим берүү борборунун башкы адистери, окуу жайдын башкаруу структурасы: директордун окуу-тарбия иши боюнча орун басары, тарбия иштери боюнча орун басары, кесиптик бирликтин төрайымы |
| **Программанын максаты:** | 1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн педагогдордун кесиптик компетенциясын жогорулатуу;<br>2. Коомчулукта ийгиликтүү социалдашууга, жашоого ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон окуучуларды тарбиялоо, кесипке багыттоо;<br>3. Мектеп окуучуларынын коопсуздугун камсыздоо механизмдерин түзүү, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;<br>4. Ийримдерди тузүү, спорт оюндарын жандандыруу. Райондук, областтык деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катыштыруу;<br>5. Мектептин айланасын,окуу кабинеттерди жашылдандыруу;<br>6. Мектептин китепканасын жетишпеген китептер менен камсыздоо;<br>7. Ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып баруу;<br>Жетишүүсу мыкты балдарды райондук олимпиадаларга даярдоо, катыштыруу; Олимпиадага даярдоого тажрыйбалуу мугалимдерди жоопту кылып дайындоо |
| **Өнүгүү программасын ишке ашыруу боюнча мектепте аткарылуучу иш-чаралары** | 1. Билим берүү стандартын ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу.<br>2. Талантту балдарды аныктоо, колдоо, өстүрүү системасын ишке ашыруу;<br>3. Мектептеги педагогикалык жамааттын кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин, инновациялык ишмердүүлүгүн жогорулатуу.<br>4. Окуучулардын ден соолугун сактоо, коопсуздугун камсыз кылуу.<br>5. Мектептин ишмердүүлгү жөнүндө маалыматтарды ата-энелерге жеткиликтүү маалымдоо иштери.<br>6. Мектептин аймагын жашылдандыруу, жакшыртуу, клумбаларды салуу.<br>7. Электрондук сайт, интернет булактарынын ишин жакшыртуу.<br>8. Иш кагаздарын мамлекет тарабынан киргизилген жоболордун негизинде алып баруу. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар**: | Мектептин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү, окуу жабдуулары, окуу жана көркөм китептер менен камсыз кылуу.<br>Класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу |
| **Мектепте билим-** | Өнөктөштөрдү окуу-тарбия иштеринин жүрүшүнө кызыктыруу, |

| | |
|---|---|
| **тарбия берүүдө өнөктөштөр менен иш алып баруу** | кыргыз, орус, англис тилин үйрөтүү максатында атайын даярдалган адистерди тартуу менен окуучулардын тил үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу. Социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына материалдык жардам көрсөтө алуучу демөөрчүлөрдү тартуу. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар:** | Окуучулардын тил үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу.<br>Коммуникациясын жакшыртуу.<br>Коомдук маданий иш-чараларга окуучуларды активдүү катышуусуна шарт түзүү.<br>Кызыктар тарап менен кызматташууну жакшыртуу. |
| **Каржылоо багыттары:** | Бюджеттик каржылоо мектеп жетекчисинин кайрылуусу менен ишке ашырылат. Демөөрчүлөр, Кайрымдуулук фонддор. |
| **Программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстар** | Мектеп программаларын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон кадрдык, маалыматтык, илимий-методикалык, мотивациялык, нормативдик-укуктук, материалдык-техникалык жана финансылык ресурстар менен камсыз кылынат. |
| **Программаны ишке ашыруу мөөнөтү** | 2022-2027-жж |
| **Финансылык каржылоо** | Өнүктүрүү программасын ишке ашыруу каржылоонун ар кандай булактарынын эсебинен камсыз кылынат: жергиликтүү бюджеттин жана кошумча тартылган каражаттардын (демөөрчүлүк, ыктыярдуу, кайрымдуулук) эсебинен камсыздалат. |
| **Программаны бекитүү жөнүндө буйрук** | Мектептин директорунун 2022-жылдын 10- июнундагы № 32/1 буйругунун негизинде мектептин администрациясы жана мугалимдер жамааты менен биргелешип, ата-энелердин пикирлерин эске алуу менен түзүлүп, 2022-жылдын 30-августундагы педагогикалык кеңешмесинде каралып, № 1 протоколуна чечими чыгарылып, мектептин директорунун 2022-жылдын 1-сентябрындагы №1/1 буйругу менен бекитилди. |

**Аткарылуучу иштер:**

| **№** | **Жумуштун түрлөрү** | **Жылы** | **Каржылоо** | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы корпустун ачылышы | 2022 | Катар кайрымдуулук фонду | - |
| 2 | Жаңы корпустун ичин жасалгалоо иштери | 2023-2025 | Демөөрчүлөр | - |
| 3 | Мектептин ичин, окуу кабинеттерди сырдоо | 2023-2027 | Пед. жамааттын демилгеси менен | - |
| 4 | Мектептин китепканасын окуу жана көркөм китептер менен камсыздоо | 2022-2027 | Мамлекет жана демөөрчүлөр | - |
| 5 | Мектептин чатырын алмаштыруу | 2023 | Бюджеттик<br>Стим гранд | - |
| 6 | Мектептин фундаментинин жарылган жерлерин бекемдеп оңдоп -түзөө | 2023 | Бюджеттик<br>Стим гранд | - |
| 7 | Мектеп менен ашкананын ортосуна навес салдыруу | 2023 | Бюджеттик<br>Стим гранд | - |
| | Жаңы салынган терезелердин откосторун шыбоо | 2023 | Бюджеттик<br>Стим гранд | |
| 8 | Фасадды актап, түсүн жакшыртуу | 2022-2027 | Мугалимдердин өз күчү жана | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | администрациянын инициативасы менен | |
| 9 | Мектептин ичин жарыктандыруу системасын жакшыртуу | 2024 | Айыл өкмөтү | - |
| 10 | Мектепке интернет киргизүү “Акнет” компаниясы аркылуу | 2023 | Айыл өкмөтү | - |
| 11 | Мектептин эмеректерин жаңыртуу, администрация үчүн иштөөгө шарт түзүп берүү | 2023-2025 | Айыл өкмөтү. Демөөрчүлөр. | - |
| 12 | Окуу жайда видеокамераларды көбөйтүү | 2023-2025 жж | Айыл өкмөтү | - |
| 13 | Компьютер алуу | 2022 | Демөөрчүлөр | - |
| 14 | Мектептин ашканасынын идиштерин , жаңыртуу | 2022-2024 | Айыл өкмөтү | - |
| 15 | Жылуулук системасын жакшыртуу | 2024 | Айыл өкмөтү | - |
| 12 | Жаңы корпустун алдындагы аянтчага брусчатка койдуруу | 2023 | Демөөрчүлөр аркылуу Катар кайрымдуулук фонду | - |
| 13 | Мектептин айланасын жашылдандыруу, таштак болгондуктан кара топурак төктүрүү | 2023 | Мугалимдердин жана окуучулардын күчү менен | - |
| 14 | Мектептин алдына брусчатка төшөө | 2023 | Демөөрчүлөр аркылуу Катар кайрымдуулук фонду | |
| 15 | Окуу кабинеттеринин жасалгаларын жаңыртуу | 2024-2025 | Өз күчүбүз менен | |
| 16 | Сугат системасын орнотуу | 2023 | Айыл өкмөтү | - |
| 17 | Суу топтоочу контейнерди орнотуу | 2023 | Айыл өкмөтү | - |
| 18 | Мектепке сырткы дааратканa салуу | 2023 | АРИС | + |
| 19 | Суу системасын жаңыртуу | 2023 | АРИС | |
| 20 | Мектептин аймагында турган трансформатордун тегерегин тосуу | 2023 | Айыл өкмөтү | |
| 21 | Интерактивдүү доска, мультимедиялык панель, проектор, ноутбук менен камсыздоо | 2024-2027 | Демөөрчүлөрдү тартуу | |
| 22 | Мугалимдерди интернет окуу баракчаларын түзө билүүгө, ар түрдүү эл аралык, борбордук уюштурулган онлайн семинарларга, сабактарга катышууларын камсыздоо | 2022-2027 | | + - |
| 23 | Мектептин спорт аянтчасын жакшыртуу | 2024-2027 | Айыл өкмөтү | |
| 24 | Мектептин ашканасынын тамак иччү бөлүгүнүнө полуна жылытуучу пол (теплый пол) салдыруу менен кафель чаптоо. | 2023 | Айыл өкмөтү Демөөрчүлөр | |
| 25 | Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга пандус орнотуу | 2024 | Айыл өкмөтү Демөөрчүлөр | |

**Билим берүүнүн күтүлгөн натыйжалары**:

- Окутуу сапатынын деңгээлин жогорулатуу;
- Окуучулардын окуу мотивациясын көтөрүү;
- Окуучулардын жүрүш-турушун жөнгө салуу;
- Өзүн баалоосу төмөн окуучуларга психологиялык жактан көмөк көрсөтүү;
- Ата-энелердин мектепке карата мамилесин жакшыртуу жана позитивдүү нукка буруу;
- Мугалимдердин жана окуучулардын компьютердик сабаттуулугун көтөрүү;
- Интернеттик маалыматтарды туура талдоого багыттоо;
- Окуучулардын маданият деңгээлин көтөрүү, патриоттуулукка тарбиялоону калыптандыруу;

**Программаны ишке ашырууну башкаруу механизми**

1. Ар бир багыттын аткарылышы боюнча жооптуу адамдар бекитилет;
2. Программанын координациялоо функциясын мектептин педагогикалык кеңеши ишке ашырат.

**Программанын ишке ашыруу мониторингин жүргүзүү.** Программанын аткарылышын көзөмөлдөө педагогикалык кеңешке жүктөлсүн. Администрация, педагогикалык жамаат, окуучулар жамааты, ата-энелер коомчулугу Программаны ишке ашыруу боюнча планынын аткарылышынын жүрүшүнө талдоо жүргүзөт жана ага оңдоп-түзөө боюнча педагогикалык кеңешке сунуш киргизет.

**Ата-энелер менен кандай иштер жүргүзүлөт?**

Ата-энелер өз балдарынын инсандык укуктарын коргоону, анын психологиялык жана физикалык коопсуздугун, өспүрүм курагын сактоону кепилдеген шарттарда өз баласына сапаттуу билим алууга, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга, мектеп менен биргелешип иштөөгө багыттоо. Ата-энелердин арасында сабатсыз, билими жок адамдар көп кездешет. Алар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт жана окууга тартуу иштери аткарылат.

**Мектептин бүтүрүүчүсү кандай болушу керек?**

1. Моралдык сапаттары: өзүн-өзү сыйлоо, жашоо шартын жакшыртууга умтулуу, максат коюу, иш жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, критикалык ой жүгүртүү;
2. Жеке сапаттары: өз алдынча билим алууга машыгуу, чыгармачыл ой жүгүртүү, социалдык жана моралдык ишенимдерин калыптандыруу, этикалык маданиятын сактоо;
3. Социалдык компетенциялар: социалдык жактан жетилүү, коомдун мүчөсү экендигин сезүү, чөйрөдөгү маалыматтарды талдай билүү, сергек жашоо образын жүргүзүү, физикалык өнүгүүсүн калыптандыруу;
4. Билим алуу: алган билимдерин, көндүмдөрүн колдоно билүү, жекече билимин өнүктүрүү, кесипке багыт алуу, эрудициясын өстүрүү, кругозорун кеңейтүү;

**Мектеп мугалиминин үлгүсү**

-профессионалдык жактан өнүгүү
- квалификациясын өркүндөтүү
- компетенттүүлүгүнүн деңгээлинин жогору болушу
-теориялык жана практикалык тажрыйбасынын күчтүүлүгү
-педагогдук ишмердүүлүгү
-жеке креативдик сапаттары
-педагогикалык этикасы
-маалыматтык маданиятынын болушу, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги;

**Программаны ресурстук жактан камсыз кылуу**

**Кадрлар:**

-компьютердик базага педагогдор жана кызматкерлер жөнүндө маалымат топтоо;

-мугалимдердин квалификациясын түзүлгөн график боюнча жогорулатуу;

-администрация окуу процессинин жүрүшүн уюштурат, чыгармачыл топторду түзөт, процесстин жүрүшүн координациялайт;

-усулдук бирикме жетекчилери мугалимдердин иш-тажрыйбасын жайылтат, чыгармачыл топторго көрсөтмө берет;

-класс жетекчилер тиешелүү документтерди системалаштырат, соцпедагог, инспектор менен биргелешип иш алып барат;

- Мектептеги билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу үчүн педагогикалык чыгармачылыкты күчөтүү, жаңы идеяларды издөө;
- Маалымат ресурстарын колдонууну туура уюштуруу;
- ЖОЖ дор жана кесиптик лицейлер менен кызматташтыкты күчөтүү, окуучуларга профориентация боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз берип туруу;
- Окуучуларды сергек жашоого багыттоо;

**Материалдык:**

- Окуу бөлмөлөрүн компьютер же ноутбук, проектор, экран менен жабдуу;
- Китепкана фондун окуу, көркөм адабий китептер жана усулдук колдонмолор менен толуктоо;
- Мектеп боюнча күчтүү Wi-Fi орнотуу;
- Видео байкоо камераларын мектептин ичине койдуруу;
- Интерактивдүү доска алуу;
- Пандус орнотуу

**Жыйынтык:**

Мугалимдердин, окуучулардын, администрациянын, ата-энелердин кызматташуу стратегиясын калыптандыруу, ар бир адамды ийгиликке багыттоо, бири-бирине ишеним менен мамиле жасоо. Мектеп ичиндеги мамиле түзүү, баарлашуу стилин өзгөртүү, жакшыртуу менен окуучулардын окуу мотивациясын көтөрүү, позитивдүү маанай жараткан шарттарды түзүү жана жаңы иш менен алектенүүгө түрткү берүү. Окуучулар менен проблемалуу-тематикалык класстык сааттарды, тренингдерди даярдоо учурунда алар менен кызматташуу, мектептин жашоосуна, коомдук иштерге аралаштыруу. Окуучулар үчүн мектепте жакшы шарттарды түзүү, мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу.

**Коомдук мүнөздөмөсү**

